# Көңүлдүү математика




Автор: Кавита Мандана

Сүрөтчү: Нирзара Верулкар

Которгон жана адаптациялаган: Анаркул Аманбаев

# Көңүлдүү математика

Автор: Кавита Мандана
Сүрөтчү: Нирзара Верулкар
Которгон жана адаптациялаган: Анаркул Аманбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Көңүлдүү математика" (кыргыз тилинде), Анаркул Аманбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Айгерим Бегимбаева. Maths at the Mela (англисче) чыгарманын негизинде, автору Kavitha Mandana, сүрөтчүсү Nirzara Verulkar, Pratham Books © 2018 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/28736-maths-at-the-mela

This publication is made possible by the support of the American People through the United States Agency for International Development (USAID) under Contract No. 72011519C00004 IBE-KR. The content does not necessarily reflect the views of USAID or the U.S. Government.

Created with Bloom



Мектеп окуучулары оюн-зоок багына келишти.

– Поездге түшүүнү каалагандар, колуңарды көтөргүлө, – деди тарбиячы.

– Мен, мен!.. – деп баары кыйкырышты.



Тарбиячы колдорду санай баштады. 36га жеткенче поезд толуп калды. Поезд катуу үн чыгарып, ордунан жүрүп кетти. Окуучулар поезддин кайтуусун күтүп калышты.





Андан кийин чоң айлампага түшүүгө кезек келди. Ар бир отургучка эки адам отурат. Кичинекей Канышай 2 адамга бирден белет берилерин көрдү.



Белет сатуучу окуучуларды бирден эсептегиче, Канышай өзүнүн классын тез эле экиден эсептеп койду: “2, 4, 6, …36”.

Канча билет керек? – деп сурайт билет сатуучу.

– 18, – деп жооп берет Канышай.



Андан кийин балдар оюнчук ат айлампасына барышты. Анда ар бир катарда үчтөн отургуч жайгашкан.





Адилет өзүнүн шыгын көрсөтүп, үчтөн санай баштайт.

3, 6, 9, …36.

– Бизге канча ат керек? – деп сурайт тарбиячы.

– 12, – деп жооп берет Адилет.



Оюн бүткөндө, балдар чарчашты. Тарбиячы 36 окуучунун баары автобуска түшкөнүн билгиси келди.

Айсулуу эсептей баштады. Автобуста ар бир катарда 4 орундук бар. Ал төрттөн санайт.



4, 8, 12, …32…

36, - деп айтарда токтоп калды.

Эки адам дайынсыз, алар жок, – деп улутунду.



Айдоочу автобустун арткы орундугунда уктап жаткан бир окуучуну тапты.



35 болду, дагы бир окуучу жок. Тарбиячы издеп жөнөдү. Артынан Айсулуу кыйкырды:

– Табылды!





– Ал ким экен? – деп сурады тарбиячы.

– Бул мен, өзүмдү санаганды унутуп калыптырмын, – деп Айсулуу өзүн көрсөттү.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли